**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Кептик тема: Өз салымыңды кош*

*Грамматикалык материал: Орун башыктооч*

**Өскөналиева Мөөржан Айтбековна**

*2017-2018-окуу жылы*

| | |
|---|---|
| **Сабактын**<br>**Кептик тема:**<br>**Грамматикалык тема:** | **Өз салымыңды кош**<br>Орун бышыктооч |
| **Сабактын максаттары / күтүлүүчү натыйжалары**<br>1. Тилдик | Жаңы сөздөр менен таанышат, сүйлөмдөрдөн орун бышыктоочту табышат,активдүү лексиканын жардамы менен өз ойлорун айтышат |
| 2. Кептик / карым-катыштык | Бири-бирине суроо беришет, өз ойлорун айтышат,топ менен иштеп презентациялайт |
| **3.** Социомаданий | Айлана-чөйрөнү булгабоого чакыруу |
| **Сабактын тиби: Жаңы материалды өздөштүрүү**<br><br>**Сабактын ресурсары:** | **Сабактын формасы: Топтордо иштөө**<br><br>**ОТК – окутуунун техникалык каражаттары: проектор, ноутбук, түстүү сюжеттик сүрөттөр, флипчарт,карточкалар.** |

| Сабактын этаптары | Мугалимдин ишмердүүлүгү. Окутуучу жана өнүктүрүүчү компоненттери, тапшырмалар жана көнүгүүлөр<br>(ар биринин убактысы көрсөтүлсүн) | Окуучулардын ишмердүүлүгү. Сабакта өз ара аракеттерди уюштуруунун формалары | Күтүлүүчү натыйжаларга дал келүүсү | Көзөмөлдөө формасы |
|---|---|---|---|---|
| **1.Окуу ишмердүүлүгүнө мотивдештирүү** | *Окуучулардын сабакка даярдыгын текшерем. Максаттары менен таанышытырам:*<br>1. *Жаңы сөздөрдү үйрөнөбүз. Билген сөздөрдү активдүү колдонобуз,сүйлөмдөрдөн орун бышыктоочту табабыз*<br>2. *3 топко бөлүнүп иштейбиз.*<br>3. *Флипчартка өз ойлоруңарды жазып презентация кыласыңар*<br>4. *Топко бөлүнөбүз*<br>*(2 мүнөт)* | *Ттопторго унааны тандоо аркылуу бөлүнүшөт, сабактын темасын жана планын дептерге кыскача жазып алышат.* | *Мотивация учурунда тема боюнча билимдин маанилүүлүгүн түшүнүшөт.* | *Дептерге жазышат/ Оозеки сурайм.* |
| **2.Билимдерин актуалдаштыруу** | 1. Кырдаалдык көнүгүү. Окуучулар бири-бирине жагымдуу маанай тартуулап, комплимент айтышат.<br>(2 мүнөт)1-слайд | 1. “Бирок сен” чынжырча оюну аркылуу ишке ашат | Бири-бирине жагымдуу маанай тартуулашат. | Оозеки сурайм. |
| **3. Жаңы материалды өздөштүрүү** | 1. *Окуучулар сүрөттөрдү көрүп, ал сүрөттөрдүн ичинен билгендерин аташып, сабакта эмне жөнүндө сөз боло турганын божомолдошот.*<br>*2-3-4-5-6-слайддар*<br>Балдар канчалык деңгээлде сабактын темасын туура божомолдогонун айтам, теманы жазам.<br>(2 мүнөт)<br>**2.** *Темага байланыштуу жаңы сөздөр менен таанышытырам. (сүрөттөр, демонстрация,ж.б.)*<br>*7мүнөт)*<br>*8-9-10-11-12-13-14-15-16-слайддар*<br><br>6 *Слайдтан тексттин биринчи бөлүгү чыгат, окуучулар окушат*<br>*(6 мүнөт)* | 1. Теманы божомолдогула деген тапшырма берилет.<br><br>2. *Окуучулар жаңы сөздөр менен таанышышат.*<br><br>3. Жаңы сөздөрдү колдонушат. | Ой жүгүртүшөт.<br><br>Жаңы сөздөрдү кайталоо менен тилдерин жатыктырышат.<br><br>Мээге чабуул жасап, жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүп, кебинде колдонуп, тактага жазышат. | Оозеки сурайм.<br><br>Оозеки жооп беришет.<br><br>Жазуу түрүндө |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| **4. Өтүлгөн материалды бышыктоо** | 1. Тексттин бөлүгүн талкуулашат,топтордо тексттин уландысын жазышат *17-19-слайддар*<br>2. Тексттин экинчи бөлүгүн окушуп, салыштырышат андан соң экинчи тапшырмага өтүшөт 19-20-21-22 слайддар<br>3.Тексттин үчүнчү бөлүгү менен таанышып, үчүнчү топтук тапшырмага өтүшөт. 22-23-24-25-26 слайддар | 1. 3 топ төмөндөгүдөй тапшырма аткарат.<br><br>Текстти уланткыла,Янанын оюн жазгыла<br>2. Айлана-чөйрөнүн булганбашына кандай иш-аракеттерди көрүшүбүз керек? Ватманга жазып презентациялашат<br><br>3. 1-топ Кулактандыруу тактасына жарыя жатат<br><br>2-топ Үн алгыдан окуйт<br>3-топ Акция өткөрөт | Алган билимдерин көрсөтүшөт<br><br>Сөздөрдүн маанисин түшүгүүнө жардам берет.<br><br>Ар бир топтон окуучулар суралат. | Ватманга жазышат.<br><br>оозеки Дептерге жатышат, биргеликте кеңешип бар ооду топтун атынан алып чыгышат |
| **5. Сабактын жыйынтыгы. Рефлексия** | 1. Окуучулардын ишмердүүлүгүн баалайм. Кайтарым байланыш (2 мүнөт). | 1. Окуучулар алган билимдеринин негинде бааланышат. | Өзүн обьективдүү баалаганга үйрөнүшөт. | Оозеки бааланышат. |
| **6. Үй тапшырмасы** | 1. Үй тапшырмасы берилет. (2 мүнөт) | 1. Окуучулар тапшырманын шарты менен таанышышат. | Сабакта алган материалын үйдөн бышыкташат. | Жазуу түрүндө аткарышат. |

**Өз салымыңды кош**

Яна:

Каалабайм. Таштандыны төгүп келишим керек, а бирок мен каалабайм. Бирок төгүшүм керек. Жарыгы күңүрт подъездиме араң чыктым. Колумда акыр-чикирге толгон үч баштык. Таштанды төккөн контейнерди карай жарым жолду өтүп, колумдагы баштыктарды ыргыттым. Менин акыр-чикирге толгон баштыктарым жолдо чачылып калганын билем. Ошентсе да үйүмө батыраак кирип, компьютериме отурдум. Жолдо чачылып жаткан акыр-чикирге толгон үч баштыгым жөнүндө унутуп да койдум. Бирок бекер кылдым деп ойлойм… .

Элестеткилечи, балдар, мендейден канчоосу бар? Эгерде баары таштандыны туш келди ыргыта берсе, шаарыбыз акыр-чикирге толуп кетет. Ал таштандылар өзүбүзгө, айлана-чөйрөгө зыян келтирет, анткени бизден башка да иштеп жаткан фабрикалардан, заводдордон, өндүрүштөрдөн да таштандылар төгүлөт. Андан тышкары машинелерден чыккан түтүндөр. Ошондуктан да шаарыбызда бак-дарактар куурап жатат деп ойлойм… .

Ушулардын баарын ойлоп эртеси жолдо чачылып жаткан акыр-чикирге толгон үч баштыгымды кайрадан алып, контейнерге салдым. Ушинтип айлана-чөйрөбүздү тазартууга кичинекей, бирок маанилүү салымымды коштум деп ойлойм.

*Яна Горохова «Небоскрёб\Мунара» журналынын №3-санынан, 2002-ж.*




